| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ<br>ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 26-июну №26/87**

**Өзбек-кыргыз өнүгүү фонду аркылуу Кызыл-Кыя шаарына автобустарды жана таштанды ташуучу автоунааларды финансылык ижарага (лизингге) алууга макулдук берүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кызыл-Кыя шаарына Өзбекстан Республикасынын Самарканд шаарындагы “СамАвто” автозаводунан, коомдук транспорт үчүн **ISUSU SAZ HC 40** үлгүсүндөгү 10 даана автобус жана шаардын тазалыгын камсыздоого **ISUSU FVR 34 K** үлгүсүндөгү 2 таштанды ташуучу автоунааларды финансылык ижарага (лизингге) Өзбек-кыргыз өнүгүү фонду аркылуу алуу жөнүндөгү Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 2023-жылдин 23-июнундагы 01-8/1084 катын карап жана талкуулап, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин алдындагы Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023–жылдын 23-июнундагы №50 чечимин, ошондой эле сессиянын жүрүшүндө депутаттар тарабынан айтылган сунуштарды эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Кызыл-Кыя шаарына **ISUZU SAZ HC40** үлгүсүндөгү **10** даана автобус жана шаардын тазалыгын камсыздоого **ISUZU FVR34K** үлгүсүндөгү **2** даана таштанды ташуучу автоунааларын финансылык ижара (лизинг) аркылуу алуу үчүн Өзбек-Кыргыз Өнүгүү фондунан **5** жылдык мөөнөткө, негизги суммасын төлөөдө 3 айлык жеңилдетүү мөөнөтү менен **5** пайыздык чени менен **371,0 миң АКШ доллар** өлчөмүндөгү каражаттарды алууга (финансылык ижара (лизинг) аркылуу) макулдук берилсин.

2. Финансылык ижараны (лизингди) уюштуруу максатында Кызыл-Кыя шаардык мэриясына өзүнүн 2023-жылдын бюджетинен төмөнкү төлөмдөрдү төлөөгө макулдук берилсин:

- Кызыл-Кыя шаардык мэриясы өздүк баштапкы салымын төлөө үчүн автоунаалардын жалпы наркынын **30% түзгөн 159,0 миң АКШ доллар**;
- Өзбек-Кыргыз Өнүгүү фондунун лизингди уюштуруу боюнча комиссия төлөмүн төлөө үчүн 1855 **АКШ доллар (лизингдин суммасынан 0,5%)**;
- Финансылык ижарага (лизинге) алына турган автоунаалардын бажылык тариздөөсүнө жана мамлекеттик каттоосуна байланышкан төлөмдөр.

3. Финансылык ижаранын (лизингдин) мөөнөтү аяктаганга чейин Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын ар жылдык жергиликтүү бюджетин түзүүдө Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы аталган финансылык ижараны (лизингди) төлөө үчүн 93,0 миң АКШ доллар акча каражатын (субсидия) камсыз кылышы керек, андан сырткары ар жылдык жергиликтүү бюджетинде алынган техниканы жыл сайын камсыздоо (страхование) жана оңдоо боюнча чыгымдар камсыздалсын (аталган чыгашалардын эсеби №1 тиркемеде).

4. Өзбек-Кыргыз Өнүгүү фонду менен келишимдик мамилелерде Кызыл-Кыя шаардык мэриясы лизинг алуучу, ал эми анын төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөрү (муниципалдык ишканалары) эксплуатациялоочулар катары таанылышы абзел: «Кызыл-Кыя шаардык муниципалдык автотранспорт» муниципалдык ишканасы (автобустар боюнча) жана «Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын алдындагы «Кызыл-Кыя Тазалык» муниципалдык ишканасы (таштанды ташуучу автоунаалар боюнча).

5. Финансылык ижарага (лизинге) алына турган автобустардын жана таштанды ташуучу автоунаалардын техника-экономикалык көрсөткүчтөрү №2 тиркемеде көрсөтүлөт.Финансылык ижара (лизинг) келишиминин мөөнөтү аяктагандан кийин лизингдин предметтери Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын менчигине өтүшү зарыл.

6. Аталган техникалар жарандык-укуктук мамилелердин алкагында Кызыл-Кыя шаарынын калкына жана юридикалык жактарына акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр үчүн пайдаланылып, кызматтардын наркы киреше компонентин камтышы керек.

7. Токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын (У.Дарипова) жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын (А.Джуманазаров).

8. Токтом кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Кыя шаардык кеңештин алдындагы бюджет, финансы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына (А.Токурова) жүктөлсүн.

**Төраганын м.а** **Т.Алимбекова**

**Кызыл-Кыя шаардык кенешинин**
**2023-жылдын 26-июнундагы № 26/87**
**токтомуна**
**Тиркеме 1**

**Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан ӨКӨФ аркылуу коомдук автобус жана таштандыларды ташуучу атайын техникаларды сатып алуу долбоорун каржылоо**

**СТРУКТУРАСЫ**

(доллар)

| № | Алынуучу техникалар | Саны | Баасы | **Жалпыбаасы, USD** | *ӨКӨФ салымы* | Өздүксалым | Салыштырма салмак, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Автобус «ISUZU SAZ HC-40» | 10 | 37 000 | **370 000** | 259 000 | 111 000 | 67,9% |
| 2 | «ISUZU FVR 34K» (мусоровоз), таштанды ташуучу унаабункеринин көлөмү - 12 м3 | 2 | 80 000 | **160 000** | 112 000 | 48 000 | 29,4% |
| 3 | «УНАА» ММ каттоого кеткен чыгымдарды төлөө үчүн (ар бир транспорт 9500 сом) | 12 | - | **1 357** | 0 | 1 357 | 0,25% |
| 4 | Бажы төлөмдөрү (атайын техниканын жалпы наркынын 0,25%); | | - | **1 325** | 0 | 1 325 | 0,24% |
| 5 | Лизингди берүүнү уюштуруу боюнча комиссия төлөмү (лизингдинсуммасынан 0,5%). | | 0,5% | **1 855** | 0 | 1 855 | 0,34% |
| 6 | Техникаларды жыл сайын камсыздандыруудан өткөрүү (жалпы сатып алынган наркына карата 2%) төлөм | 12 | 2% | **10 600** | 0 | 10 600 | 1,9% |
| | Жалпы: | | | **545 137** | **371 000** | **174 137** | **100%** |
| | **Каржылоо үлүшү** | | | | **68,1%** | **31,9%** | **100%** |

**Мындан сырткары техникаларды сатып алгандан кийинки кийинки толомдор болот*:*** ***(Доллар)***

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **7** | Лизингке Сатып | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алынган техникалардын жылдык 5% пайыз төлөмү (бир жылдык) | | | | | **93 000** | |
| **8** | Жабдуулардын жылдык техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдары (техниканын наркынан 5%) (530 000 долл * 5% = 26 500 долл. болжолдуу). | | | | | **26 500** | |
| | №7 , №8 пунктар боюнча жалпы: Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду | | | | | **119500** | |
| | Жалпы № 1-8 пункттардын суммасы: | | | | | **293637** | |

**Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын**
**экономиканы өнүктүрүү жана**
**инвестицияларды тартуу боюнча башкы адиси** **М.Сартбаева**

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин
2023-жылдын 26-июнундагы № 26/87
токтомуна
Тиркеме 2

**Финансылык ижарага (лизинге) алына турган автобустардын жана таштанды ташуучу автоунаалардын техника-экономикалык көрсөткүчтөрү**

**Жүргүнчүүташуучу автобус «ISUZU SAZ HC40»**



| | |
|---|---|
| Категория транспортного средства | Класс - М3 / 1 |
| Тип кузова | Вагонный |
| Колёсная формула/ ведущие колёса | 4×2 / задние |
| Пассажировместимость, чел | 38 |
| Количество мест для сидения пассажиров / экипажа | 16 /1 |
| Максимальное число стоящих пассажиров, чел | 21 |
| База автобуса, мм | 3815 |
| Габаритные размеры, мм (длина / ширина / высота) | 6 920×2 240×2 880 |
| Допустимая полная масса, кг | 7 500 |
| Допустимая нагрузка, кг<br>- на переднюю ось / на заднюю ось | 2 500 / 4 500 |
| Колея колёс, мм<br>- передних колёс -<br>- задних колёс (внешняя / внутренняя) - | 1 665<br>1 907 / 1 395 |
| Двигатель | 4HF1 |
| Расположение двигателя | Переднее |
| Количество и расположение цилиндров | 4 в ряд |
| Степень сжатия | 19:1 |
| Рабочий объем, см3 | 4334 |
| Максимальная мощность, кВт / л.с. (об/мин) | 78/ 104 (3200) |
| Максимальный крутящий момент, Нм (об/мин) | 268 (1800) |
| | |
| Каробка переменных передач | MYY5T |

| | |
|---|---|
| число передач / тип - | 5 / механическая |
| Тормозная система Барабанная, | вакуумная |
| Тип топлива | дизель |
| Тип подачи топлива | Механическая подача топлива |
| Обьем топливного бака, л | 100 |
| Расход топлива на 100 км, л | 18±2 |

**Таштанды ташуучу «ISUZU FVR 34K» үлгүсүндогү автоуунасы**



| | |
|---|---|
| Тип | Специализированный автомобиль |
| Базовое транспортное средство/шасси | ISUZU FVR34K |
| Категория | N3 |
| Экологический класс | Евро 3 |
| Код ТН ВЭД | 8704229109 |
| Колесная формула | 4x2/задние |
| Назначение | Специализированный автомобиль предназначен для сбора твердых бытовых/промышленных отходов с емкостями объемом от 120 литров до 1100 литров с колесными стальными контейнерами и транспортировкой собранных отходов. Адаптирован к дорогам общего пользования и дорожным условиям и соответствовать стандартам |

| | |
|---|---|
| Принцип работы | Рабочий (или несколько рабочих) вручную либо с помощью манипулятора погружают мусор в приемный бункер , который находится в задней части кузова. Погрузка мусора с помощью манипулятора происходит следующим образом: специальный мусорный бак подкатывают к захвату манипулятора. Манипулятор захватывает, поднимает и опрокидывает мусорный бак а приемный бункер. Затем подающая плита, двигаясь вверх, уплотняет мусор и перемещает его внутрь кузова. Выгрузка мусора выполняется с помощью толкающей плиты, приводимой в движение гидравлическим цилиндром |
| Тип (конструкции) кабины | Цельнометаллическая, наклоняемая,двухдверная, трехместная |
| Тип (конструкция) кузова/исполнение загрузочного пространства | Металлическая сварная конструкция с гидравлическими механизмами (с задней загрузкой с помощью манипулятора) |
| **Технические характеристики кузова** | |
| **Внутренние размеры кузова, мм** | |
| - длина | 3800 |
| - ширина | 2100 |
| - высота | 1850 |
| Вместимость кузова, м3 | 12 |
| Вместимость приемного бункера, м3 | 1,5 |
| | **Толщина металлов, мм** |
| - крыша кузова | 4 мм. Сталь St52 |
| - боковые панели кузова | 4 мм. Сталь St52 |
| - пол кузова | 4 мм. Сталь Hardox 400-450 |
| - стены задней крышки кузова | 4 мм. Сталь St52 |
| - прессовочная плита заднего бункера | 5 мм. Сталь Hardox 400-450 |
| - боковая панель заднего бункера | 5 мм. Сталь St52 |
| - нижняя часть бункера | 5 мм. Сталь Hardox 400-450 |

**Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын**
**экономиканы өнүктүрүү жана инвестиция**
**тартуу боюнча башкы адиси** **М.Сартбаева**